Макулдашылды:

Кесиптик бирлик уюмунун
төрагасы _______ Болжуров Э.Т

"15" сентябрь 2021-жыл

Бекитемин:

Сабитакун Жусупбаев атындагы
орто мектебинин директору: _______

Кудайбергенова М.Ш

"15" сентябрь 2021-жыл

## Сабитакун Жусупбаев атындагы орто мектебинин 2021-2022-окуу жылына карата иштөө режимдеринин бөлүштүрүлүшү жана негизги убактылары

1. Жалпы маалымат.

1.1. Мектептин окуу-тарбия процессинин коопсуздугун камсыз кылууга, мектептин жумушчу жагдайын түзүүгө багытталган.

1.2. Ички күндөлүк режиминин эрежелери, окуучуларды класстарга, кружокторго, сабакка өз алдынча даярданууну уюштурууга, күнүмдүк өтүлүүчү сабактарга окуучуларды жөнөтүү, окуучуларга ысык тамак берүүнү уюштуруу, мектептин ички жана сырткы санитардык гигиеналык эрежелеринин сакталышын көзөмөлдөө, окуучулардын бош убактысын уюштуруу, окуучулардын жана педагогдордун, чарба жумушчуларынын коопсуздук эрежелерин сактай билишин уюштуруу, ата-энелер менен иштөөнү уюштуруу, окуучуну мектептен чыгаруунун эрежелерин иштеп чыгуу, педагогикалык этиканын сакталышын камсыздоо жана кызматкерлердин жана окуучулардын, ата-энелердин мектептин территориясында өзүн алып жүрүү эрежелерин аныктайт.

1.3.Ички күндөлүк режиминин эрежелери Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө мыйзамынын", тарбиялоо жана билим берүү боюнча нормативдик укуктук актылардын жана мектептин Уставынын негизинде кабыл алынган.

1.4.Бул эрежелерди аткарууга бардык педагогдор, окуучулар, алардын ата-энелери (же аларды алмаштыруучу жактар), сабактар өтүлүп жаткан о.э. сабак бүткөн мезгилде мектептин территориясындагы чоочун адамдар дагы аткарууга милдеттендирилет.

1.5.Мектептин ички күндөлүк режими окуу имаратында сабактардын расписаниеси менен дежурный мугалимдин иш орду көрүнүктүү жерге илинет.

2. Окуу- тарбиялоо иштеринин жүргүзүү бөлүмү.

1.6.Мектептин эмгек жамааты, окуучулар, алардын ата-энелери (же аларды алмаштыруучу жактар) мектеп Уставын, мектептин ички күндөлүк режимин, педагогикалык кеңешменин чечимдерин аткарууга милдеттүү.

1.7. Мектеп окуу- тарбиялоо иштери Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө мыйзамынын", "Мугалимдин статусу жөнүндө мыйзамынын", Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин "Мамлекеттик билим берүү стандартынын", Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн билим берүү боюнча чыгарылган токтомдорунун, "Мектеп жөнүндөгү убактылуу Жобонун" мектеп Уставынын, Кыргыз Республикасынын "Эмгек кодексинин" жана билим берүү системасына коюлган милдеттер боюнча жогорку жетекчилердин локалдык актыларынын негизинде алынып барылат.

1.8. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 2021-2022-окуу жылына карата базистик окуу планына түшүндүрмө катынын негизинде мектептин 2021-2022-окуу жылында окуу сабактары 2021-жылдын 15-сентябрында башталып, 2022-жылдын 8-июнунда аяктайт.

1.8.1. Каникулдардын узактыгынын мөөнөтү төмөнкү тартипте белгиленген:
Күзгү каникул- 7 күн; 2021-жылдын 8-ноябрынан 14-ноябрына чейин, сабак 2021-жылдын 15-ноябрынан башталат:
Кышкы кникул- 12 күн; 2021-жылдын 31-декабрынан 2022-жылдын 11-январына чейин, сабак 2022-жылдын 12-январынан башталат:
Жазгы каникул- 10 күн; 2022-жылдын 21-мартынан 30-мартына чейин, сабак 2022-жылдын 31-мартында башталат.

1.8.2. Майрам жана каникул күндөрү эске алынбаганда мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окуу жылынын узактыгы 5-11-класстарда экзамендик күндү эске алуу менен 34 жумадан 36 жумага чейин окуу жумасын түзөт. Сабактын узактыгынын мөөнөтү 5-11- класстар үчүн- 45 минутаны түзөт.

1.8.3. Мектептин 2021-2022-окуу жылы үчүн түзүлгөн окуу планы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 20-августундагы №1460/1 буйругу менен бекитилген, окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлүүчү мектептер үчүн 2021-2022-окуу жылынын базистик окуу планынын негизинде түзүлдү, ал боюнча окуучулардын жумалык жүктөмүнүн жогорку чеги: 5- класстар үчүн 28 саат, 6- класстар үчүн 29 саат, 7- класстар үчүн 30 саат, 8- класстар үчүн 30 саат, 9- класстар үчүн 30 саат, 10- класстар үчүн 30 саат, 11- класстар үчүн 30 сааттан ашпоого тийиш.

1.8.4. Окуу сабактарынын убактылары жана расписаниеси: окуу- тарбия бөлүмүнүн башчысы тарабынан түзүлүп, директор тарабынан бекитилген сабактардын расписаниесине ылайык өткөрүлөт. Сабактардын расписаниеси көрүнүктүү жерге илинет.

1.8.5. Түшкө чейинки убакта $8^{00}$ – $13^{00}$ ке чейин 1-3-5-8-9-10-11-класстын окуучулары сабакта болушат. $13^{00}$ – $13^{15}$ ке чейин кабинет жетекчилери санитардык-гигиеналык эрежелерди аткарышат.

1.8.6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 "Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген, анын "Билим берүү процессинин режимине коюлуучу гигиеналык тараптар" аттуу 11-бөлүмдөгү санитардык- эпидемиологиялык эрежелер жана нормалар тууралуу сунуштарга, ошондой эле окуу- тарбиялык процесстерди уюштурууга ылайык: окуу сабактары $8^{00}$ до башталат.

1.8.7. Мектепте 2021-2022-окуу жылындагы 1-11-класстарындагы окуучулардын комплектованиясы 93 окуучуну түзөт.

1.8.8. Окуучулардын мектептик формасы үстү жагы ак, алды жагы кара түстө болушу керек. Күн суук мезгилде жылуу кийимдерди кийүүгө уруксат берилет. Сабак мезгилинде окуучу мектептин милдеттерин аткарууга милдеттүү.

1.8.9. Окуучуга себепсиз сабакты таштап кетүүгө уруксат берилбейт. Сабактан бош убакта өз каалоосу боюнча предметтик кружокторго катышуусуна уруксат берилет. Окуу сабактары жүрүп жаткан убакта ата- энелердин жана бейтааныш адамдардын сабакка тоскоол болуусуна тыюу салынат.

1.8.10. Предметтик кружоктор директор тарабынан бекитилген расписание боюнча өткөрүлөт.

1.8.11. Сабактан тышкары иш чаралар жалпы педагогикалык кеңешмеде талкууланып кабыл алынып, директор тарабынан 2021-2022-окуу жылы үчүн бекитилген окуу тарбия иштеринин планы боюнча өткөрүлөт жана бекитилген план боюнча иш алып барууну уюштуруу планда көрсөтүлгөн жоопкерчиликтүү адам тарабынан аткарылат жана жоопкерчиликтүү админстрациянын көзөмөлүндө болот.

1.8.12. Мектептин иштөө убактысы төмөндөгүдөй тартипте белгиленет. Мектепте жүргүзүлгөн окуу- тарбия иштеринин убактысы негизги эки бөлүктөн түзөт жана төмөндөгүдөй убакыттарга бөлүнгөн.

I смена

| I смена | | |
|---|---|---|
| № | убактысы | тыныгуу |
| 1 | $8^{00}$ - $8^{45}$ | 5 мин |
| 2 | $8^{50}$ - $9^{35}$ | 5 мин |
| 3 | $9^{40}$ - $10^{25}$ | 15 мин |
| 4 | $10^{35}$ - $11^{20}$ | 5 мин |
| 5 | $11^{25}$ - $12^{10}$ | 5 мин |
| 6 | $12^{15}$ - $13^{05}$ | 5 мин |

II смена

| II смена | | |
|---|---|---|
| № | убактысы | тыныгуу |
| 1 | $13^{15}$ - $14^{00}$ | 5 мин |
| 2 | $14^{05}$ - $14^{50}$ | 5 мин |
| 3 | $14^{55}$ - $15^{40}$ | 15 мин |
| 4 | $15^{50}$ – $16^{35}$ | 5 мин |
| 5 | $16^{40}$ - $17^{25}$ | 5 мин |
| 6 | $17^{30}$ - $18^{15}$ | 5 мин |

3. Мектептин дежурствосунун уюштурулушу.

3.1. Мектеп директору тарабынан бекитилген графикке ылайык дежурство уюштурулат.

3.2. Мектептин иштөө режимине дежурный админстрация жана дежурный мугалим жоопкерчиликте болот.

3.3. Мектептеги дежурство түзүлгөн графикке ылайык саат $8^{00}$дон $18^{15}$ ке чейин болот. Биринчи сменадагы дежурство саат $8^{00}$дон – $13^{00}$ го чейин болот. Экинчи сменадагы дежурство саат $13^{15}$ төн – $18^{15}$ ке чейин болот. Дежурный мугалимдердин дежурствосунун алмашуусу дежурный админстрациясы тарабынан жүргүзүлөт.

3.4. Дежурный админстрация мүчөсү саат $18^{15}$ ке чейин дежур болот жана түнкү кароолчуга өткөрүп берет. Өткөрүү убагында электр жарыктарынын өчүрүлүшү, терезелердин жабылышы, кабинеттердин бекилиши, суулардын

абалдары текшерилет. Кыш мезгилинде жылуулуктун берилишин көзөмөлдөө түнкү кароолчунун жоопкерчилигинде болот.

3.5. Дежурный админстрация дежурстволордун өз убагында алмашуусун көзөмөлдөйт. Дежурство мезгилиндеги бардык болгон көрүнүштөр боюнча өз убагында мектеп жетекчисине билдирет.

3.6. Окуучулар мектептен сырткары учурларда мектеп окуучулардын коопсуздугуна жоопкерчиликте болбойт.

3.7. Окуучулар предметтер боюнча мектептин китепканасынын фондусундагы окуу китептери менен камсыз болушат.

3.8. Китепкана фондунда жетишпеген окуу китептери менен окуучуларды камсыздоо ата-энелерге милдеттендирилет.

Мектептин 2021-2022-окуу жылына карата иштөө режимдеринин бөлүштүрүлүшү жана негизги убактылары 15-сентябрь 2021-жылдагы жалпы педагогикалык кеңештин №1 протоколундагы чечими менен кабыл алынды.

Иштөө режимдеринин бөлүштүрүлүшүнө жана көзөмөлдөнүшүнө жоопкерчиликтүү:

| | |
|---|---|
| Окуу бөлүмүнүн башчысы: | Рысбекова.Г.Ж |
| Тарбия иштери боюнча директордун орун басары: | Касманбетова.Ф.Ж |
| Соцпедагог : | Эсенбекова Д.Э |
| Чарба иштери боюнча директордун орун басары: | Саалиев Ж.Т |